
*2001-жыл—туризмди өнүктүрүү жана колдоо жылы*



# КАРА-ШОРО КЕЛ-КЕЛИ

Жаратылышынын өзгөчөлүгү жана кооздугу, дары суусу менен айырмаланган Кара-Шородо Президентибиз Аскар Акаевдин указы менен 2001-жыл «Туризмди колдоо жана өнүктүрүү жылы» — деп жарыяланышынын таасиринде бир топ иштиктүү аракеттер жүргүзүлө баштады. Кара-Шоро улуттук жаратылыш паркынын жетекчиси Ташмамат Бөрүбаев дары сууга жакын, Качыралы капчыгайынын тушуна 12 боз үй, 20 адам сыя турган чатыр тиктирип, эс алууга барган меймандарга жагымдуу шарт түзүү максатында, Жазы дарыясынын жээгине сөрүлөрдү койдурган. Андагы 12 боз үй, 20 адам сыя турган чатыр тиктирип ички жасалгасы боюнча конок үйлөрүнөн кем калышпайт. Эс алуучулар үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн десек аша чапкандык болбос.

Баса, тоонун сулуулугуна кызыгып, ат менен кыдырып көрөм дегендер үчүн 10 ат

убакыт күтсө эч ким барбайт. Арслан уккан атка раиып деп Мазар-Булакка келип 5 жаштан 13 жашка чейинки ойноо балдарды чогултат. Ошондо 13 жашар бир бала «Салам-Алейкум Арсланбап аба»— деген экен. Ошол күндөн баштап «Салам-Алик» деп аталып калыптыр.

Салам айткан бала кудайдын керемети менен арабча тамга таанып, окуп,

пеп жолу түз, асфальт» деп мактап калышаар эле. Андан бери канча мезгилдер өтүп, ошол жакшы жол «Жаман» деген сөз менен алмашканына да бир топ жыл болду.

Башкача айтканда жолдун ар кайсы жери жыл сайын көчкүдөн улам шагыл, чоң таштар басып, жеңил машиналар бара албай, чоң машиналар араң каттап калганын айтып кейигендер

жардамга келишип, 200 миңден ашык акча жумшалган. Айтканга оңой, аткарууга кыйын учурду өзгөндүктөр артка таштады. Райондун жетекчиси өзү күн сайын жол ремонтун тез, сапаттуу бүтүшүн көзөмөлдөп турду. Жол оңолуп, учурда автомашиналар Кара-Шорого кыйынчылыксыз каттап жатышат.

Кара-Шорого баратып да, келатып да жолдун оңолгонун, жол боюнда тосмолордун, көпүрөлөрдүн сырдалып иретке келтирилгенине күбө болдук. Ошондо биздин улуу акылман инсанларыбыздын «Эртеңкини ойлосоң — эгин эк, келечекти ойлосоң — бала окут, эр жигит экениңди билгизсең — көпүрө сал, жол оңдот» деген кеменгер айтылган сөздөрү эске келет.

## ЭКИ БУЛАК—ДАРЫ БУЛАК

Белгилүү Кара-Шородогу эки булактын дары суулары эки башка касиетке ээ. Даамы бири-биринен айырмаланып турат. Ашказан, ичеги-карын, боор, кант диабети ооруларын айыктырат. Аталган дары сууларды «Кара-Шоро» акционердик коому машина менен ташып келип, бөтөлкөлөргө куюп, республикабыздын булуң-бурчтарына жөнөтүшөт. Булактын көзүнө барып ичкендер да көп.

Жакында «Шеримбет» дыйкан чарбасынын башчысы Арстанбек Смадияров аталган жерден 400 гектар жерди бөлдүрүп алып, биринчи иши дары суусу бар булакка өтчү чоң сууга көпүрө куруудан баштады. Көпүрө салып, сөрүлөрдү коюп, дарылангандар үчүн орундуктарды даярдады. Жапайы жаныбарларын көп болушуна кызыктар экенин

даярдалып коюлган. Жатакананын жоктугунан мурунку жылдарда эс алуучулар кош коңул мамиледе болуп са, эми тоо шартында түзүлгөн ушундай аракеттер эс алуучуларды кайдыгер калтырбайт


## МАЗАР-БУЛАК

Айтылуу дары суусу, керемет кооздугу көз жоосун алган Кара-Шорого баруу жол боюндагы Мазар-Булак та жолоочулар токтоп, бетиколун жууп, тилек айтып, булак суусун ичип, жүзүн чайкап, жол улоону салт катары улап келишет.

Булактын тарыхы да өзүнчө сөз. Илгери бир заманда Жумагул аттуу адам Ак-Талаада жашап калыптыр. Бул жерге келип-кетип, жүрүп жеринин кооздугун барктап, булактын суусунун дарылыгын жогору баалаган дардан экен. Бир күнү көзү өтөрүн билген окшойт, балдарына туугандарына керээзин айтат. «Менин сөөгүмү Мазар-Булакка алып барып койгула» дептир. Жумагул күзүндө болжол менен октябрь айларында жарыкчылык менен кош айтышат. Ашуунун кар-басып, жол болбогондуктан 6 ай Ак-Талаада Жумагулдун сөөгүн сактап, жаз келгенде Мазар-Булакка сөөгүн жашырып кетишиптир.

Ошол күндөн бери бул булактын суусу бааланып, денесин жара баскандар булак суусуна жуунуп, жээгиндеги карт жаңгактын бутактарына тилегин айтып, чүпүрөк байлап кетишет экен.

Чын-тогунун ким билсин. Минтип да жүрүшөт. Арслан—Арстанбап токойу менен Мазар-Булактын бирибири менен жакындыгы бар деп божомолдошот жергиликтүүлөр. Арслан аттуу жигитке бирөө «Мага Мазар-Булактан тестиер бала келет, ошого курма көчөтүн бер» — дептир. Көп ушул аймактагылардын сабатын жойгон имиш. Арслан «Мазар-Булактан бирөө келет курманын көчөтүн бер» — деген ушул бала турбайбы.» — деп курма көчөтүн берет. Курма көчөтү деп эккендери чоң-чоң жаңгак болуп жетилет. Ошол күндөн баштап, аталган аймакта жаңгак көбөйө баштаптыр. Жаңгактын бийиктигине, жоондугунан карт жаңгактар экени байкалып турат.



Мына ошол Мазар-Булакты кароону Чекиров Мамат аксакал колго алыптыр. Булак жанында эликтин эстеликтери коюлган. Аны ак тап, сырдап, айланасын тазалап, отургучтарын жаңылап, ары-бери өткөндөргө суусундукка кымызын, жармасын даярдап суута салып коюптур, Мамат аксакалдын мындай жөрөлгөсүн көргөн ар бир адам ыраазы болбой койбойт.

## КАРА-ШОРОГО ЖОЛ ШЫДЫР

Өзгөндө Мырза-Аке аркылуу айтылуу Кара-Шорого кетчү кан жолду кимдер билбейт. «Алыс болгону менүн, тез аранын ичинде жолду оңдоо керектигин мына ошол күндөн баштап колго алган.

Жолдун бир тарабы аска, экинчи тарабында айтылуу Жазы дарыясы буркан-шаркан түшүп агып жатат. Райондун борборунан 75 километр аралыктагы жолдун 14 жерин чоң таштар, ылай аралаш шагыл басып калган. Аларды сүрүп, тегиздеп, тоо түбүнөн сарыгып аккан суу жолду бузбасын үчүн 8 жерге суу түтүгүн орнотулган сактап калуу үчүн ушундай иш-аракеттер көрүлгөндүгү кубандырбай койбойт. (Бул жалпы элдин ишине Өзгөн районундагы бардык ишкана-мекемелер көп эле. Тоо түбүнөн сарыга аккан суудан улам ар кайсы жери көлчүк болуп жол дор бузулган.

Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Кабылбек Жумалиев Кара-Шоро паркынын жетекчиси Нурмамат Бөрүбаев менен март айында жолду көрүп кайтышкан. Ушундай кооз аймакты көрүүгө, дары суусун ичүүгө жолдун жамандыгынан келе албай жатканын түшүнүшүна кызыкдар экенин билдирип, быйыл 60 коёнду алып барып, тоо бетине коё берген. Азыр тоют жыйноонун аракетинде. Күзүндө оргон чөбүн жыйып, түбүнө коён жашынчу жай даярдаганы жатат. Ошондой эле күзүндө Чоң-Алайдан тооздун мамалагын сатып келип, ушул жерде кыштатып, көбөйтүү максатында болууда.

«Көп түкүрсө көл болот» — демекчи кооз аймакты көркүнө чыгарып, үйлөрүн тигип, жасалгалап, зарыл шарттарды түзгөн Нурмамат Бөрүбаевге, суунун айланасындагы тазалыкты сактап, көпүрө курган Арстанбек Смадияровго, жолду түзөп, оңоп жолоочуга жол түзгөн райондун мамадминистрациясынын башчысы Кабылбек Жумалиевичке туристтик жүрүш менен эс алуу үчүн даарылануу үчүн барган элди суктандырган, сулуулугу кызыктырган айтылуу Кара-Шоронун кооздугун дары суусунан даба тапкандар алкышын айтышаарына шегибиз жок.

**Д. ЖУСУПБЕКОВА.**